Ж.Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетинин
Окумуштуулар Кеңешинин

06.03.2025-ж.

№ 6.1. ТОКТОМУ

1. Ж. Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетинин этика боюнча комиссиясынын 2023-2024- окуу жылындагы иши жөнүндө.
*(Жооптуу Этика комиссиясынын төрагасы Алыбаев Анарбек Масалбекович)*

Ж.Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетинин этика боюнча комиссиясынын 2023-2024- окуу жылындагы иши жөнүндө этика боюнча комиссиянын төрагасы ф.-м. и. д., профессор Анарбек Масалбекович Алыбаевдин маалыматын угуп жана талкуулап Окумуштуулар кеңеши.

ТОКТОМ КЫЛАТ:

1. Ж. Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетинин этика боюнча комиссиясынын 2023-2024- окуу жылындагы иши жөнүндө маалымат эске алынсын.
2. Ж. Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетинин этика боюнча комиссиясы 2024 – 2025 окуу жылдарындагы түшкөн арыз – даттануууларга жана кайрылууларга тиешелүү чечим кабыл алынсын.
3. Ж. Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетинин түзүмдөрүнүн жетекчилери тарабынан өзүлөрүнүн жамааттарынын арасындагы моралдык жана психологиялык климаттын жогорку деңгээлде болушуна, этикалык кодекстин нормаларынын сакталышына көңүл бурулсун.

КУУнун ОК төрагасы
профессор — Д.Т. Чонтоев

КУУнун ОК катчысы
доцент — Ж.Ж. Керимканова

Ж.Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетинин
Окумуштуулар Кеңешинин

06.03.2025-ж.

№ 6.2. ТОКТОМУ

2. КУУда коррупцияны алдын алуу жана ага каршы күрөшүү боюнча иштерди уюштуруунун багыттары.
*(Жооптуу Координатор - ректорат аппарат жетекчиси Шерик уулу Дуулат, Юридикалык институтунун директорунун тарбия иштери боюнча орун басары Алахунов Низахун Абылкасымович).*

Ж. Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университеттинин Юридикалык институтунун директорунун тарбия иштери боюнча орун басары Алахунов Низахун Абылкасымовичдин Кыргыз улуттук университеттинде коррупцияны алдын алуу жана ага каршы күрөшүү иштери боюнча маалыматтын угуп талкуулангандан кийин Окумуштуулар кеңеши

ТОКТОМ КЫЛАТ:

1. Юридикалык институтунун директорунун тарбия иштери боюнча орун басары Алахунов Низахун Абылкасымовичдин Кыргыз улуттук университеттинде коррупцияны алдын алуу жана ага каршы күрөшүү боюнча иштерди уюштуруунун маалыматты эске алынсын.
2. Жусуп Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университеттинин коррупцияга каршы иш-чараларды өткөрүү Планы бекитилсин.
3. Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө ректор Д.Т. Чонтоевге калтырылсын.

КУУнун ОК төрагасы
профессор — Д.Т. Чонтоев

КУУнун ОК катчысы
доцент — Ж.Ж. Керимканова

Ж.Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетинин
Окумуштуулар Кеңешинин

06.03.2025-ж.

№ 6.3. ТОКТОМУ

3. Ар түрдүү маселелер.

Вениамин Федорович Яковлев атындагы Урал мамлекеттик юридикалык университетинин ректору, юридика илимдеринин доктору, профессор **Бублик Владимир Александрович** мырзага Ж.Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетинин Ардактуу профессору наамын ыйгаруу жөнүндө КУУнун ректору Чонтоев Догдурбек Токтосартовичтин маалыматын угуп,

Окумуштуулар кеңеши

ТОКТОМ КЫЛАТ:

Жусуп Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетине Россия Федерациясы менен мамилелерде көмөк көрсөткөндүгү үчүн Вениамин Федорович Яковлев атындагы Урал мамлекеттик юридикалык университетинин ректору, юридика илимдеринин доктору, профессор **Бублик Владимир Александрович** мырзага Ж.Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетинин Ардактуу профессору наамы ыйгарылсын.

КУУнун ОК төрагасы
профессор Д.Т. Чонтоев

КУУнун ОК катчысы
доцент Ж.Ж. Керимканова

Ж.Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетинин

Окумуштуулар кеңешинин отурумунун

6.03.2025-ж.

№ 6.7. ТОКТОМУ

3. Ар түрдүү маселелер.

3.2. Студенттик кадрлар бөлүмүнүн ишмердүүлүгүнүн акыркы 3 жылдагы отчету.
*(Жооптуу студенттик кадрлар бөлүмүнүн башчысы Жузубалиева Анаркүл Каныбековна).*

Ж. Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетинин студенттик кадрлар бөлүмүнүн башчысы Анаркүл Каныбековна Жузубалиеванын маалымдоосун угуп жана талкуулап КУУнун Окумуштуулар Кеңеши

ТОКТОМ КЫЛАТ:

1.1. Студенттик кадрлар бөлүмүнүн ишмердүүлүгүнүн акыркы 3 жылдагы отчету канаатандырарлык деп эсептелсин.

1.2. 2025-жылдын 1-апрелинен студенттик кадрлар бөлүмү кадрлар башкармалыгынын курамынан чыгарылып, өз алдынча бөлүмгө өзгөртүлсүн.

1.3. Пландоо-финансы бөлүмү жана кадрлар башкармалыгы студенттик кадрлар бөлүмүнүн штаттык ыраатгамасын карап чыгып, ар бир кызматкердин жумуш көлөмүн эске алуу менен штаттык ыраатгама боюнча сунуш жана 6 жумушчу күндүн ичинде бекитүүгө даярдасын.

1.4. Студенттик кадрлар бөлүмү юридика бөлүмү менен биргеликте студенттик кадрлар бөлүмүнүн жобосун иштеп чыксын жана 6 жумушчу күндүн ичинде бекитүүгө берсин

1.5. Окумуштуулар Кеңешинин бул токтомунун аткарылышына көзөмөлдүк кылуу КУУнун биринчи проректору – окуу иштери боюнча проректор А.Б.Шамшиевге жүктөлсүн.

КУУнун ОК төрагасы
профессор Д.Т. Чонтоев

КУУнун ОК катчысы
доцент Ж.Ж. Керимканова

Ж.Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетинин
Окумуштуулар кеңешинин отурумунун

6.03.2025-ж.

№ 6.7. ТОКТОМУ

3. Ар түрдүү маселелер.

3.2. Студенттик кадрлар бөлүмүнүн ишмердүүлүгүнүн акыркы 3 жылдагы отчету. *(Жооптуу студенттик кадрлар бөлүмүнүн башчысы Жузубалиева Анаркүл Каныбековна).*

Ж. Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетинин студенттик кадрлар бөлүмүнүн башчысы Анаркүл Каныбековна Жузубалиеванын маалымдоосун угуп жана талкуулап КУУнун Окумуштуулар Кеңеши

ТОКТОМ КЫЛАТ:

1.1. Студенттик кадрлар бөлүмүнүн ишмердүүлүгүнүн акыркы 3 жылдагы отчету канаатандырарлык деп эсептелсин.

1.2. 2025-жылдын 1-апрелинен студенттик кадрлар бөлүмү кадрлар башкармалыгынын курамынан чыгарылып, өз алдынча бөлүмгө өзгөртүлсүн.

1.3. Пландоо-финансы бөлүмү жана кадрлар башкармалыгы студенттик кадрлар бөлүмүнүн штаттык ырааттамасын карап чыгып, ар бир кызматкердин жумуш көлөмүн эске алуу менен штаттык ырааттама боюнча сунуш жана 6 жумушчу күндүн ичинде бекитүүгө даярдасын.

1.4. Студенттик кадрлар бөлүмү юридика бөлүмү менен биргеликте студенттик кадрлар бөлүмүнүн жобосун иштеп чыксын жана 6 жумушчу күндүн ичинде бекитүүгө берсин

1.5. Окумуштуулар Кеңешинин бул токтомунун аткарылышына көзөмөлдүк кылуу КУУнун биринчи проректору – окуу иштери боюнча проректор А.Б.Шамшиевге жүктөлсүн.

КУУнун ОК төрагасы
профессор Д.Т. Чонтоев

КУУнун ОК катчысы
доцент Ж.Ж. Керимканова

Ж.Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетинин
Окумуштуулар кеңешинин отурумунун

6.03.2025-ж.

№ 6.8. ТОКТОМУ

3. Ар түрдүү маселелер.

3.3. "Ж.Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетинин жогорку окуу жайынан кийинки кесиптик билим берүүнүн PhD/тармак боюнча докторантурасын уюштуруу жана философия доктору (PhD)/тармак боюнча доктор окумуштуулук даражасын ыйгаруу тартиби жөнүндөгү жобону" бекитүү.

*(Жооптуу PhD докторантуранын бөлүмүнүн башчысы Досалы Чоюбекович Иманбердиев)*

Кыргыз Республикасынын Министирлер Кабинетинин 2024-жылдын 27-августагы № 517- токтомуна байланыштуу "Ж.Баласагын атындагы КУУнун жогорку окуу жайынан кийинки кесиптик билим берүүнүн PhD/тармак боюнча докторантурасын уюштуруу жана философия доктору (PhD)/тармак боюнча доктор окумуштуулук даражасын ыйгаруу тартиби жөнүндөгү" ички жобого өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүү боюнча Ж.Баласагын атындагы КУУнун PhD докторантура бөлүмүнүн башчысы Д.Иманбердиевдин маалыматын угуп,

Окумуштуулар кеңеши,

**ТОКТОМ КЫЛАТ:**

1. "Ж.Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетинин жогорку окуу жайынан кийинки кесиптик билим берүүнүн PhD/тармак боюнча докторантурасын уюштуруу жана философия доктору (PhD)/тармак боюнча доктор окумуштуулук даражасын ыйгаруу тартиби жөнүндөгү жобо" сунушталган редакцияда кабыл алынсын.
2. Ж.Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетинин жогорку окуу жайынан кийинки кесиптик билим берүүнүн PhD/тармак боюнча докторантурасын уюштуруу жана философия доктору (PhD)/тармак боюнча доктор окумуштуулук даражасын ыйгаруу тартиби жөнүндөгү жобону каттоо PhD докторантура бөлүмүнүн башчысы Д.Ч. Иманбердиевге жүктөлсүн.

КУУнун ОК төрагасы
профессор — Д.Т. Чонтоев

КУУнун ОК катчысы
доцент — Ж.Ж. Керимканова

Ж.Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетинин
Окумуштуулар кеңешинин отурумунун

6.03.2025-ж.

№ 6.10. ТОКТОМУ

3. Ар түрдүү маселелер.

3.5. "Ж.Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетинин Кыргыз-япон институтунун 740300 "Коомдук тамактанууну уюштуруу жана продукциянын технологиясы" багытында окуган студенттердин практикалык сабактарын өткөзүү максатында түзүлгөн «Тамак-аш даярдоо технологиялары» лабораториясын уюштурууга уруксат берүү жана анын жобосун" бекитүү.
*(Жооптуу Кыргыз-япон институтунун директорунун орун басары Бексултанов Жениш Тункатарович)*

Ж.Баласагын атындагы КУУнун Кыргыз-япон институтунун 740300 "Коомдук тамактанууну уюштуруу жана продукциянын технологиясы" багытында окуган студенттердин практикалык сабактарын өткөзүү максатында түзүлгөн «Тамак-аш даярдоо технологиялары» лабораториясын жөнүндө институттун директорунун орун басары Ж.Т.Бексултановдун маалыматын угуп,

Окумуштуулар кеңеши

**ТОКТОМ КЫЛАТ:**

1. Ж.Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетинин Кыргыз-япон институтунун 740300 "Коомдук тамактанууну уюштуруу жана продукциянын технологиясы" багытында окуган студенттердин практикалык сабактарын өткөрүүгө "Тамак-аш даярдоо технологиялары" лабораториясы ачылсын.

2. «Тамак-аш даярдоо технологиялары» лабораторияны уюштуруу Кыргыз-япон институтунун директорунун орун басары Ж.Т.Бексултановго жүктөлсүн.

КУУнун ОК төрагасы
профессор Д.Т. Чонтоев

КУУнун ОК катчысы
доцент Ж.Ж. Керимканова

Ж.Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетинин
Окумуштуулар кеңешинин отурумунун

6.03.2025-ж.

№ 6.15. ТОКТОМУ

3. Ар түрдүү маселелер.

3.5. Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигинин грифин берүү жөнүндө.

5. Ж.Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетинин социалдык-гуманитардык илимдер институтунун доценти, философия илимдеринин кандидаты Нурзат Карыбековна Аалиева, философия илимдеринин доктору, профессор Магира Мунаждиновна Амердинова жана философия илимдеринин доктору, профессор Нур Керимкулович Саралаев менен биргеликте даярдалган "Философия" окуу китебине Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигинин грифин берүү жөнүндө.

Каралып атакан окуу куралын карап чыгып, окуу-методикалык бирикменин корутундусун жана социалдык-гуманитардык илимдер институтунун өтүнүчүн окуп, бардык керектүү сын-пикирлери менен таанышып,

Окумуштуулар кеңеши

ТОКТОМ КЫЛАТ:

1. Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигинин грифин алууга Ж.Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетинин социалдык-гуманитардык илимдер институтунун доценти, философия илимдеринин кандидаты Нурзат Карыбековна Аалиева, философия илимдеринин доктору, профессор Магира Мунаждиновна Амердинова жана философия илимдеринин доктору, профессор Нур Керимкулович Саралаев менен биргеликте даярдалган "Философия"аттуу китеби сунушталсын.

КУУнун ОК төрагасы
профессор Д.Т. Чонтоев

КУУнун ОК катчысы
доцент Ж.Ж. Керимканова